DOI:10.26104/IVK.2019.45

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 11, 2019

*Абдиева Ч.И.*

# ОШ ШААРЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК ЭМЕС ТЕЛЕРАДИОЛОРДУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Абдиева Ч.И.*

# ОСОБЕННОСТИ НЕГОСУДАРСТВЕННЫХ ТЕЛЕРАДИОКОМПАНИЙ ГОРОДА ОШ

*Ch.I. Abdieva*

# FEATURES OF NON-STATE TELEVISION AND RADIO COMPANIES IN OSH

*УДК: 801.8 (575.2)*

*Макалада Ош шаарындагы мамлекеттик эмес телерадиолор боюнча изилдөөлөр каралды. Телерадиолор башка массалык маалымат каражаттары сыяктуу эле айрым бир тараптар, же атайын органдар тарабынан башкарылат. Мамлекеттик эмес телерадиолордо мындай милдетти ага ээлик кылуучулар аткарса, мамлекеттик телеканалдардын иши мамлекеттик кызматтар аркылуу жөнгө салынат. Бирок, түптөлгөн жылдан бери азыркы күнгө чейин, кандай гана шартта болбосун, мамлекеттик эмес телерадиолор көз карандысыз түрдө иш алып барып жатат. Алардын арасында аталыштарын жана статустарын өзгөртүп, бир багыттан башка багытка бургандары да бар. Бул региондо 2010-жылдагы этникалык маселелер курч болуп турганына байланыштуу масс-медианын тарыхы өзгөчө тартиби менен айырмаланат. Ушуну эске алып, жергиликтүү мамлекеттик эмес телерадиолор иликтенди. Эгемендүү доордун башталышында мамлекеттик эмес телерадиолордун негизделиши, өзгөчөлүктөрү тууралуу маселелер анализге алынды.*

***Негизги сөздөр:** мамлекеттик эмес, телерадио, массалык маалымат каражаттар, журналисттер, дециметр, метр, хронология, жыштык.*

*В данной статье рассмотрены исследования по независимым телерадиокомпаниям города Ош. Теле и радио, как и все остальные средства массовой информации, управляются отдельными структурами или органами. Если в негосударственных теле и радио такая обязанность возложена на владельцев, то в государственных телеканалах эта деятельность осуществляется госструктурами. Но несмотря на это негосударственные телерадиоканалы ведут независимое вещание с момента основания и по сей день. Среди телерадиоканалов есть изменившие свое направление, статус и название. Это связано со сложившимися острыми этническими проблемами региона в 2010 году. С учетом этих данных изучены и исследованы истории негосударственных телерадиоканалов, проанализированы причины основания и их особенности в начале независимости нашей республики.*

***Ключевые слова:** негосударственные, телерадиостанции, СМИ, журналисты, дециметр, метр, хронология, частота.*

*The article deals with research on independent television and radio companies in the city of Osh. Teleradio, like all other mass media, is controlled by separate structures or bodies. While in non-state TV and radio such a duty is assigned to the owners, in state TV channels this activity is carried out by state structures. But despite this, non-state TV and radio channels have been broadcasting independently since their founding to this day. Among the TV and radio channels, there are those that have changed their direction, status and name. This is due to the acute ethnic problems of the region in 2010. Taking into account these data, the histories of non-state television and radio channels were investigated, the reasons for their founding and their features at the beginning of the republic's independence were analyzed.*

***Key words:** non-governmental, television and radio, mass media, journalists, decimeter, meter, chronology, frequency.*

Түштүк Кыргызстанда мамлекеттик эмес телерадиолордун пайда болушуна, калыптанышына жана өнүгүшүнө 1993-жылы "Кыргызстандын массалык маалымат каражаттары жөнүндө" мыйзамдын иштелип чыгышы чоң таасир берди. Ош шаарында «ОшТВ», «Толкун ТВ», «Эркин Ала-ТОО», «Алмаз», «Баракух», «Керемет», «Мезон», «ДДД», «Ош Пирим», «Нур» мамлекеттик эмес телерадиолор өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп келген.

«ОшТВ» телекомпаниясы Ош шаардык Кеңешинде Ош ишкери - Худайбердиев Халилжан тарабынан 1991-жылдын март айында Советтер Союзунун алдында СССРдин “Басма сөз жана башка массалык маалымат

DOI:10.26104/IVK.2019.45



каражаттары жөнүндө" мыйзамынын негизинде чакан ишкана катары катталган. Анын өндүрүштүк программалары 1991-жылдын 5-майында эфирге чыккан. Алгач телеканал күндүзгү техникалык тыныгуу учурунда (9: 00дөн 18: 00гө чейин) Кыргызстандын Биринчи Мамлекеттик каналынын жыштыгында чыгып турган. СССР кулап, 1993-жылы "Кыргызстандын массалык маалымат каражаттары жөнүндө" мыйзамы жарыялангандан кийин, «ОшТВ» телекомпаниясы Юстиция министрлигинен 1993-жылдын 7-апрелиндеги 055 номериндеги ЖМКны каттоо күбөлүгүн алган. 1995-жылдын январь айынан баштап, «ОшТВ» каналы Кыргызстандын Мамлекеттик байланыш инспекциясынын жыштык уруксатына ылайык (1997-жылдан тартып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик байланыш агенттиги) өзүнүн 5 метрлик каналы аркылуу обого чыга баштады жана берүүнүн көлөмүн күнүнө 20 саатка чейин көбөйттү. 1998-жылы 22-августта канал мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык, «ОшТВ» телерадиокомпаниясынын негиздөөчүсү – Х.Худайбердиев болуп, ЖЧКсы 2001-жылдын 25-июлунда 562 номери менен Кыргызстандын Юстиция министрлигинде жалпыга маалымдоо каражаттары катары кайрадан каттоодон өткөн [1].

Ош шаарындагы «ОшТВ» телерадиокомпаниясы 1991-жылдан бери кыргыз, орус, өзбек тилдеринде материалдарды чагылдырып турду. Бирок эфирдик материалдары өзбек тилиндеги көрсөтүүлөр басымдуулук кылып турган. «ОшТВ» кыргыз элинин кызыкчылыгы үчүн иштеген эмес. Анткени кызматкерлери өзбек улутундагылар болгон. 2010-жылга чейинки көрсөтүүлөрү өзбек тилинде чыгып турган болсо, 2010-жылдан кийин Ош шаардык сотунун чечими менен толугу менен кыргыз тилине өткөн. Телерадиокомпаниянын башкы директору С.Соурбаева дайындалып, ар кандай долбоорлорду чыгарууга аракет жасаган. Андан сырткары «ОшТВ»нын имаратын кеңейткенге жетишкен. Чыгармачылыкка кызыккан жаштар арасында кастинг жарыялап, таланттууларын тандап алып, жаштардын күчү менен кыргыз тилинде эфирлерди үзгүлтүккө учуратпай чыгып турду.

«ОшТВ»нын жетекчилеринин хронологиялык мөөнөттөрүн карап чыгалы. 1991-жылдан 2010-жылдарга чейин, 19 жыл Х.Худайбердиев негиздөөчү катары башкарган. 2010-жылдан 2013-жылга чейин, 3 жыл - Сюита Соурбаева жетектеди. 2013-жылдан 2014-жылга чейин, 1 жыл убакытта - Эрнис Кыязов жетектеди. 2014-жылдын апрель, май, июнь айларында - Шайырбек Маматтокторов жетектеди. 2014-жылдан 2019-жылга чейин, 5 жыл Керимбек Калыгулов жетектеп келди. 2019-жылдан баштап бүгүнкү күнгө чейин Г.Жанымбетова иштеп келе жатат [2].

Бүгүнкү күндө «Аруу таң» маалымат-музыкалык программасы жуманын беш күнү, дүйшөмбүдөн жумага чейин түз эфирге чыгат. Программа калктын калың катмарынын көйгөйүнөн тарта маданият айдыңындагы жаңылыктарды бөлүшүп, атайын адис, коноктор менен маек куруп, көрүүчүлөрдү маалымат менен камсыздоого багытталган. Андан сырткары «Биздин карман», «Пайдалуу кеңештер», «Дүйнө кереметтери», «Дастаркон ажары», «Кадр артында», «Аба ырайы», «Базар баасы», «Спорт дүйнөсүндө», «Сураңыз, жооп беребиз», «Сөз берметтери», аттуу рубрикалар менен түрдүү багытты маалымат менен камсыз кылууну максаттайт. «Аруу таң» маалымат-музыкалык программасы таңкы саат 7:30дан 10:00гo чейин таңкы эфир көрсөтүлөт. Андан сырткары «Күн чабыт», «Маанай-5», «Көрөңгө», «Учур маселеси» жана башка жалпы 20дай программалардын үстүндө иш алып барууда. Учурда 18 сааттык эфирге чыгып, теле жаатында 40 кызматкерлери иш алып барат.

«Мезон» телекомпаниясы 1997-жылы негизделип, жетекчиси Ж.Мирзаходжаев болгон. Ош шаарынын калкына жергиликтүү жаңылыктарды жана өздөрү даярдаган телепрограммаларды эфирге чыгарып турду. Кирешелери негизинен рекламалык убакыттарды сатуудан келип түшкөн акчалай каражаттар болуп эсептелинген. Мындан сырткары телекомпания гранттардан жана демөөрчүлүк колдоо көрсөтүүлөрдөн пайдаланган. Көрсөтүүлөрдүн көпчөлүк бөлүгү өзбек тилинде даярдалып турган.

2010-жылы Ош окуясында улуттар аралык жаңжалда эки элдин касташуусун козуткан материалдарды байма-бай чыгарып тургандыгы үчүн бул телекомпанияга сот тарабынан иш козголуп, жыйынтыгында мамлекеттин кол алдына өткөрүшкөн жок, жеке менчик статусун сакташты, бирок аталышын өзгөртүшүп, бул телеканал 2011-жылы "Башат" ТРК деп аталып калды. Программалардын мазмуну өзгөрдү, өзбек тилиндеги берүүлөр токтоп, кыргыз жана орус тилдеринде даярдала баштады.

"Башат" телерадиокомпаниясы 2011-жылдын 20-

DOI:10.26104/IVK.2019.45



сентябрында суткасына 6 сааттык берүүсү менен эфирге чыгып турду. Аз күндөн кийин эле жаңылыктар түрмөгү даярдалды. Төрт ай өткөндөн кийин берүүнүн мөөнөтү 18 саатка жетти. Компаниянын штатында 20 киши иштеп калды. Телекомпанияга иштөө үчүн жаш журналисттерди тарбиялап ар кандай программаларды даярдашкан. 10 го жакын программалары эфирден чыгып турду. Андан сыркары интернет-сайты толук кандуу ишке киргизилген. Техникалык мүмкүнчүлүктөргө карата жана каржы маселесинин негизинде «Башат» ТРКсы жабылып калды [3].

Мамлекттик эмес телеканалдардын катарына “ДДД”телеканалы 1998-жылдын январь айында М.Шакиров тарабынан негизделген. Бирок бир топ жылдан кийин тагыраагы 2005-жылы телеканал катары өз ишин баштаган. Бул телеканал өз алдынча жыштыктан чыкпастан эфирдик убактысын “Керемет” телекомпаниясынан арендага алып чыгып турушкан. Канал өзбек тилдүү аудиторияга арналган. “ДДД” аталышынын чечмелениши “Достук-Дружба-Дустлик” деген бир түшүнүктү үч тилде берет. Бул этникалык телеканалга чет өлкөлүк уюмдар салмактуу түрдө көмөк көрсөтүштү. Гранттардын негизинде “ДДД” социалдык жана партиоттук мүнөздөгү бир топ телеберүүлөрдү эфирге чыгарган. 2014-жылга чейин иштеп, реклама азайып, финансалык булактар соолуганынан телеканал жабылып калды.

“Керемет” телерадиокомпаниясы 1995-жылдын 1-мартында эфирге чыкты, ошондон бери бир калыпта тынбай иштеп жатат. Адегенде россиялык “ОРТ” каналынан жуманын үчүнчү жана бешинчи күндөрүндө бир сааттан чыгып турду, анан 1998-жылы дециметровый канала мамлекеттен лицензия алды. Берүүлөрүнүн 70% кыргыз тилинде даярдалат. Каналды Ө.Абдираимов негиздеген, азыркы күнгө чейин жетектейт, аткаруучу директордун милдетин өзүнүн кызы Венера Абдираимова аткарат. “Тизгин” бир үй-бүлөнүн колунда. Канал “Сулайман-Тоо” аттуу жаңылыктар программасы менен көрөрмандарга белгилүү. Туруктуу программаларынын дагы бирөөсү “Заман, инсан, бизнес” деген аталышта башынан чыгып келе жатат. Жумасына эфирге 5 жолу чыгып, суткасына 14 саат иштейт. Мунун эфирдик убактысынын жарымын «ДДД» телеканалы 9 жыл катары менен алып турду. Аудиториясы Кыргызстандын түштүк региону жана Өзбекстандын чек арага жакынкы аймактар. Берүүлөрү “Кедейликтен кутулууга болобу” деген аналитикалык программасы “Интерньюс-Кыргызстан” уюмунун колдоосу аркылуу башка тилдерге которулуп, Борбор Азияга таркатылат. Бул берүүдө жергиликтүү фермерлердин көйгөйлөрү менен түйшүктөрүнө, кемчиликтери менен жетишкендиктерине көңүл бурулуп, көрөрмандарды кызыктырат [4].

“Керемет” телеканалы башынан эле “атка түз минген” жергиликтүү элдин сүймөнчүгүнө айланган. Бет ачаар аземинен жазылган репортажда бир эпизод эсте калды. Ошол аземге Кызыл-Кыя шаарынан келген С.Исмаилова жоголуп кеткен кичинекей кызын “Кереметтин” эфирине чыккан жарыядан кийин тапканын батыналбай айтып берген [5].

“Ош Пирим” телерадиокомпаниясы 2013-жылдын сентябрында “Ош Пирим” деген аталыштагы телеканал эфирге чыкты. Башталышында суткасына 18 саат 30 дециметровый каналында эфирге чыгып турушкан. 2014-жылы “Жаңылыктар” кызматы кең көлөмдүү форматта эфирге чыкты. Санариптик берүүгө чейинки аудиториясы Ош менен Жалал-Абад областтарын жана Өзбекстандын областтарындагы Андижан, Фергана, Наманган чек арага жакын райондорун камтыган. Тез эле мыкты телеканал катары элге таанылды. Көрсөтүүлөрүн кыргыз жана орус тилдеринде алып барат. Көрөрмандарды жумасына 5 жолу берген кечки маалдагы 3 сааттык түз эфири өзгөчө кызыктырат. Түз эфирдин темалары жуманын күндөрүнө ылайык бир тартипке келтирилген: биринчи күнү - Ош шаарынынын проблемары, экинчи күнү - социалдык маселелер, үчүнчү күнү – саясат, төртүнчү күнү - дин жөнүндөгү маалымдоолор, бешинчи күн болсо маданиятка арналат.

Каналдын негиздөөчүсү жана жетекчиси М.Парпиназаров - электрондук медиа тармагындагы эң таланттуу адистердин бири. 1998-жылы Ош мамлекеттик университетинин астында өлкөдөгү алгачкы “Үмүт” деп аталган студенттик телерадиостудияны уюштуруп, 1999-жылы эфирге чыгарган. Заманбап тартуу жана монтаждоо студиясы жасалган. “Үмүттүн” иши бүгүн да студенттик телестудия статусунда уланып жатат, аудиториясы Ош шаары менен Кара-Суу району, берүүлөрү кыргыз, орус, өзбек, англис тилдеринде. “Үмүттүн” үлгүсү башка университеттерге таасир этип, ал жерлерде дагы телерадиостудиялар ачылды.

DOI:10.26104/IVK.2019.45



М.Парпиназаров студенттик телеканалды 5 жыл башкарып, бутуна бекем тургузуп, анан Оштогу технологиялык университетинде "Жаштык" телестудияны, "Медиа Борборду" жана "ЭкоТВ" деген жеке менчик компанияларды ачты. Ушундай тажрыйбанын негизинде "Ош Пирим" телеканалы түзүлдү.

Азыркы учурда телеканал санариптик берүүгө өттү. Коомду жеке менчик телеканалдар чогулуп уюштурушту. Эми "Ош Пиримдин" берүүлөрү Ош менен Жалал-Абад шаарларына санариптик форматта тарайт. 2017-жылы калган областтардын борболоруна да бул формат менен жетти. Өлкөнүн бүт аудиториясына жетүүгө техникалык мүмкүнчүлүктөр жаралды, демек регионалдык статусту республикалык статуска алмаштыра турган мезгил келди. Бишкектен жаңы офис ачылды, бирок негизги офис Ошто калды, аны бул жерден көчүрүүгө негиз деле жок [6].

Дагы бир нерсе өзгөртүүгө муктаж болду. Статустун кеңейишине байланыштуу телеканалдын аталышын алмаштырыш керек деп, "Ош Пирим" 2018-жылы "Прайм ТВ" деген бренд менен ишин улантты. Программалардын мазмуну, багыттары сакталды, Ош шаарынын маселелери четке кагылган жок, тескерисинче, шаардын көйгөйлөрү бүтүн өлкөгө маалым боло баштады. Бирок кийин кайра эле "Ош пирим" деген аталышты колдонду.

"NUR TV" телеканалы 2017-жылы уюштурулган. Берүүлөрү азыркы учурда Ош, Жалал-Абад, Чүй облаcттарына жана Бишкек шаарына таркайт. Үч телестудиясы бар - кыргыз, орус, өзбек тилдеринде чыгат.

Жыйынтыктап айтканда, Ош шаарындагы мамлекеттик эмес телерадиолор "Толкун ТВ", "Эркин Ала-Тоо", "Башат ТВ", "ДДД" "Алмаз", "Баракух" радиолору финансылык жактан өзүн-өзү каржылалбай жабылып калган. Соттук чечимдердин негизинде "Мезон ТВ", телеканалы өз ишмердүүлүгүн токтоткон. Бүгүнкү күндө Ош шаарында мамлекеттик эмес "Керемет", "Ош пирим", "Нур" телерадиокомпаниялары өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп келе жатат.

**Адабияттар:**


1. htt.//oshtv.kg.
2. Абдиева Ч.И. Ош областындагы өзбек тилдүү телеканалдар. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, №9. - 2019. - 190-193бб.
3. "Ош шамы", № 43, 2015-жыл, 4-декабрь.
4. "Ош шамы", № 51, 2008-жыл, 5-декабрь.
5. "Ош шамы", № 24, 1995-жыл, 10-июнь.
6. kabar. kg. - 2012-жыл, 24-декабрь.